# СССР эл артисти,Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Муратбек Рыскуловго 115 жыл



**Бүгүн кыргыздын кино жана театрынын өнүгүүсүнө зор салым кошкон актер Муратбек Рыскуловдун туулган күнү. Залкар таланттын козү тирүү болгондо 115 жыл болмок.**

**Жетимчилик, кара жумуш…** Муратбек Рыскулов 1909-жылы Жумгал районунун Чаек айылында жарык дүйнөгө келген. Бирок азыр туулган күнүнүн так датасы белгилүү эмес. Жаш таланттын балалыгы жетимчиликте өтүп, 16 жашында борбор калаага келип, театрда кара жумушчу болуп иштеп калат. Ошондо актерлордун бири келбей калып, болочоктогу актер "Ревизор" спектаклинде биринчи жолу чакан ролду аткарып, сахнага алгачкы кадамын таштаган. Муратбек Рыскулович Кыргыз музыкалык драма театрынын алдындагы студияны аяктаган.
1936-жылдан Кыргыз музыкалык драма театрында актер, 1941-жылдан Кыргыз драма театрында иштеген. 1949-жылдан тарта тасмаларга тартылган. Көп жылдар бою Кыргыз театралдык коомун биротоло жетектеген. Көптөгөн чыгармачылык шоулардын калыстар тобунун мүчөсү жана төрагасы болгон.
Кыргыз ССР Жогорку Советинин 5 жана 8-чакырылышынын депутаты болгон.

**Англичандарды таң калтырган кыргыз.** Актердун чыгармачылыгынын алгачкы мезгилдеринде эле анын театр искусствосуна болгон жөндөмдүүлүгү даана көрүнө баштайт.Бара-бара ал кайсы гана ролдо болбосун табигый таланты менен бирге сахналык маданиятты өөрчүтүп,чеберчилигин арттырууга жетишкен.Ошондой эле бир катар монументтүү драмалык

(У.Шекспирдин "Отеллосунан" Отеллонун,"Король Лиринен"король Лирдин,М.Горькийдин "Егор Булычев жана башкаларындагы"Егор Булычевдин, Б.Жакиевдин"Атанын тагдырынан"Акылбектин)образдарын түзгөн. Лондондо өткөрүлгөн У.Шекспирдин 400 жылдык юбилейинде Муратбек Рыскулов Король Лирдин монологу менен чет мамлекеттик көрүүчүлөрдү таң калтырган. Таланттуу актер тарабынан түзүлгөн Лирдин образы психологиялык чындыгы жагынан татыктуу орунду ээлеген.

М.Рыскулов 1936-жылы Кыргыз музыкалык-драма театрында билим алып, театрда иштей баштайт. Ал сахнада жалпы жонунан ондогон дүйнөлүк жана кыргыз спектакль, пьесаларда роль ойногон. Актерлук боюнча жогорку билими жок болгонуна карабай 1960-жылдары чакыруу менен Англияга барган. Дүйнө жүзүнөн чогулган актерлор "Король Лир" пьесасы боюнча өз өнөрлөрүн тартуулашкан. Анда Рыскулов Лирдин монологун кыргыз тилинде аткарып, чеберчилиги менен Улуу Британиянын ханышасы Елизавета IIни жана англиялык көрүүчүлөрдү таң калтырган.

**Кыргыз киносунун Бакайы.** Муратбек Рыскуловду дүйнө жүзүнө тааныткан жеке гана драматургия эмес кино экраны да болду. Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты 1949-жылдан тарта киного тартыла баштаган. Республикада көркөм фильмдердин студиясы пайда боло электен алда канча мурда эле ал кыргыз актерлорунан биринчи болуп киного катышып, 1950-жылы "Алитет тоо таянды" кинофильминде Ашыктын образын ачык гротекс планда атайын апыртып берсе,"Алыскы тоолордогу" мыкаачы зулум Сарыгул байды омоктуу көргөзүп,"Тянь-Шань кызындагы" Ашырбай абышка үчүн илбериңки психологиялык белгилерди таба алган.Кыргыз мүнөзүнүн эң сонун касиеттери "Бакайдын жайыты" фильминдеги Бакайдын турпатынан көрүнөт.



Режиссер Төлөмүш Океев тарткан "Бакайдын жайыты" тасмасында башкы ролду аткарган Рыскулов

Актер менен чогуу иштешип калган режиссер Геннадий Базаров М.Рыскуловдун намыскөй, акырын жүрүп алып көптөгөн адамдарга жардам берип, учурда иштеп жаткан бир топ таланттарга жол көрсөткөн акылман устат болгонун эскерет. Ошондой эле ал өз ишинин майын чыгарып, кээде импровизация кыла койгон инсан менен иштешүү өзүнчө эле ырахат болгондугун кошумчалады. Муратбек Рыскулов "Көчө", "Бакайдын жайыты", "Ак Мөөр", "Караш-караш окуясы", "Жоро", "Менин жаңылыштыгым" өңдүү 20га жакын тасмада роль жараткан.



**Бир бүлөдөгү үч залкар.** Муратбек Рыкулов менен атактуу актриса Сабира Күмүшалиева 38 жыл бирге өмүр кечирип, төрт баланы тарбиялап өстүргөн. Актерлор үйдө да репетиция кылып, бири-биринин чыгармачылыгын колдоп түтүн булаткан. Алардын уул-кыздарынын ичинен Искендер ата-энесинен араң макулдук алып театрга бел байлаган. Ата-эне балдарынын чыгармачылык менен кетүүсүнө каршы болгон. Болочоктогу режиссер Ташкент, Москва шаарларындагы театралдык окуу жайларын аяктаган. Кийин өлкөдөгү эң күчтүү режиссерлордон болуп Кыргыз ССРинин Эл артисти наамына чейин жетишкен. Калк арасында ал инсандарды "бир үй-бүлөдөгү үч залкар" деп айтып келишет.



Жубайы Сабира Күмүшалиева, Кыргыз Республикасынын Эл артисти, Кыргыз Республикасынын Баатыры (Кыргыз Республикасынын Баатыры). 1917-жылы 19-мартта Кыргыз ССРинин Фрунзе районундагы Төкөлдөш айылында туулган.

Фрунзедеги педагогикалык окуу жайын бүтүргөндөн кийин бир нече жыл башталгыч мектепте мугалим болуп иштеген. 1934-жылы Кыргыз драма театрына актриса болгон.

Сабира Күмүшалиева Кыргызстандагы профессионал театралдык искусствонун негиздөөчүлөрүнүн бири. Ал театрда 100дөн ашык ролду ойногон. 1966-жылдан тарта тасмаларда роль жараткан.




**Жубайы Сабира Күмүшалиева**

2008-жылы Сабира Күмүшалиевага арналган почта маркасы чыгарылган.



Кыргыздын көрүнүктүү театр режиссеру Искендер Муратбекович Рыскулов ата-энесинин жолун жолдоду. Кыргызстандын белгилүү драматург жана кино артисти Муратбек Рыскуловдун үй-бүлөсүндө Улуу Ата Мекендик согуш башталгандан сегизинчи күнүндө жарык дүйнөгө келген. Мектепти бүтүп, аскер кызматын өтөп келгенден кийин 1961-жылы Ташкенттеги театралдык сүрөт институтунун актёрдук бөлүмүнө тапшырган. Окууну аяктагандан кийин Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамлекеттик драма театрынын артисти болот. Рыскулов актердук карьерасына бир жыл болгондон кийин ГИТИСтин режиссёрдук бөлүмүнө тапшырган. Рыскулов 1972-жылдан бери жаңыдан түзүлгөн Ош жаштар драма театрында режиссер, кийин бул театрдын башкы режиссеру болуп иштеген. Театрдын репертуары ГИТИСтин актёрдук факультетинин үчүнчү кыргыз студиясынын бүтүрүүчүлөрүнүн алгачкы жылдары андагы маанилүү орунду ээлеген Горькийдин, Чеховдун, Мольердин, Гоццинин, Симоновдун жана Дыйкамбаевдин пьесалары боюнча дипломдук иштери менен башталган. Андан кийин алар кошулду Шекспирдин, Гогольдун, Пушкиндин жана азыркы советтик (анын ичинде кыргыз) авторлорунун чыгармалары. Айтматовдун чыгармалары боюнча коюлган спектаклдер репертуарда өзгөчө орунду ээледи, атап айтканда, “Ак пароход” жана “Деңиз жээгинде чуркаган ит”. Рыскуловдун жетекчилиги астында театр он жылдан ашык убакыттан бери Кыргызстандагы эн кызыктуу драмалык коллектив болуп кала берди. Бул мезгилге Москвадагы гастролдор жана Тбилисидеги жаштар театрларынын Буткул союздук биринчи фестивалына катышуу кирет.
1966-жылдан Фрунзедеги Кыргыз мамлекеттик драма театрынын артисти.
1984-жылы Искендер Рыскулов Кыргыз мамлекеттик драма театрынын башкы режиссеру болгон. Ал көзү өткөнгө чейин ошол эле театрдын режиссеру болгон. Рыскулов чыгармачылык жолунун акыркы жылдарында республикалык театр фестивалында биринчи орунду ээлеген.
Искендер Рыскуловго Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти, Кыргыз ССРинин эл артисти наамдары ыйгарылган. Кыргызстан Ленин комсомолу, Айтматов атындагы эл аралык сыйлыктын лауреаты болгон. 6-декабрь 2002-жылы дүйнөдөн кайткан. Сөөгү Ала-Арча көрүстөнүнө коюлган.



Уулу Искендер Рыскулов

**Урушканды билбеген актер Муратбек Рыскулов.** СССРдин эл артисти бир топ сыйлыктарга татып, атак-даңкка жетишкенине карабай жөнөкөй, адамдар менен урушканды билбеген жан болгон. Улуу актер Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаты болуп төрт жолу шайланып, узак убакыт Кыргыз театралдык коомун жетектеген. Анын балдары Рыскуловдун мыкты уюштурууучу болуп, ата мекендик театрды жакшыртууга зор салым кошкондугун айтат. Залкар талант 1974-жылы 64 жаш курагында кан басымынан улам борбор калаада көз жумган.

## Сыйлык наамдары

1967-жылы Муратбек Рыскуловго "Король Лир"спектаклинде Лирдин жана "Атанын тагдыры" спектаклинде Акылбектин ролдорун аткарууда жогорку чыгармачылык чеберчиликке жетишкендиги үчүн Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты деген наам берилген.Таланттуу актердун чыгармачыл эмгегин жогору баалап, өкмөт Муратбек Рыскуловду Ленин ордени, башка эки орден жана медалдар менен сыйлаган. Муратбек Рыскулов тууралуу "Муке" аттуу фильм тартылган. Азыр актердун ысымын Бишкек шаарындагы көчөгө жана Нарын облусттук музыкалуу драма театрына берилген.

Маалыматты даярдаган   А.Акматова